**Сабактын тиби**:Мелдеш түрүндөгү аралаш сабак.
**Сабактын формасы:** конкурс сабак
**Сабактын максаты:**

1. Фразеологизмдер жөнүндө окуучулардын алган билимдерин тереңдетүү менен бирге жазуу жөнүндө жана оозеки речтеринде кеңири пайдалануу менен окуучулардын сөз маданиятын калыптандыруу
2. Окуучулардын логикалык ойлоосун, ыкчамдыгын, тапкычтыгын, байланыштуу речин өстүрүү
3. Таанып билүүсүн кеңейтүү менен кошо ар бир мисалдын тарбиялык жагын ачып көрсөтүү

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

1. Фразеологизмдер жөнүндө окуучулар алган билимдерин тереңдетишет жана жазуу жана оозеки речтеринде кеңири пайдаланып, сөз маданиятын калыптандырышат
2. Окуучулар логикалык ойлоосун, ыкчамдыгын, тапкычтыгын, байланыштуу речин өстүрүшөт
3. Таанып билүүсүн кеңейтип, ар бир мисалдын тарбиялык жагын ачып көрсөтө алышат

**Сабакта каралуучу ыкмалар:**

1. Проблемалуу жагдай түзүү
2. Дифференцалдык ыкмалардан пайдалануу менен алган билимдерине байкоо жүргүзүү
3. Суроо-жооп

**Сабактын жүрүшү:**

1. **Уюштуруу**: сабакта жагымдуу маанай түзүлгөн.
2. **Сабактын киришүү бөлүмү**: Тил кутучасын ачканда рубиркасы.

**а) Ыр менен эне тили даңкталат**

Эне тилге байланышкан ырлар окуучулар тарабынан көркөм окулат.

**б) Даанышман ойлор**: улуу адамдардын тил жөнүндө айткандарынан айтышат, атайын дептерге жазышкан

**в) Сабак санжырасы**: тилге байланыштуу эрежелерди, терминдерди үйрөнүшкөн. Окуучулар үчүн тарбиялык максатта берилген ишмердүүлүк өзүнүн максатына жеткен. Окуучулар активдүү катышып, сабак бир темпте өттү.

**Үй тапшырмасын суроо же бүгүнкү сабак** санжырабыз – фразеологизмдер
Сабактын бул бөлүмү конкурс түрүндө уланат. Окуучуларды эки топко бөлүп тапшырмалар суралат.

Сабактын тандалган структурасы коюлган натыйжага туура келет. Сабактын ар бир этабы тыкыр ойлонуштурулган. Сабактын бардык этабында окуучулар активдүү катышышты, кемчилиги фразеологизм табышмактарды табууда окуучулар бир топ кыйналышты. Себеби мурунку сабактарда мындай ыкмалар колдонулбаган жана окуучулардын башка тилдүү болгондуктан сөз байлыгы жетишээрлик эмес.

Окуу материалы илимий принципке туура келет. Сабак убактысы эффективдүү колдонулду, сабактын пландалган көлөмү толугу менен

аткарылды. Коюлган максаттар ишке ашырылды. Окуучулардын жаш өзгөчөлүтөрүн эске алуу менен сабактын интенсивдүүлүгү оптималдуу болду. Окуучулардын билимин баалоо, чогулткан упайларына жараша коюлду.